Педкеңеште кабыл алынды | Бекитемин

Протокол№ 1 29.08.2022-ж. Мектеп мүдүрү: Н.С.Сайдинова

**Ж. Баласагын орто мектебинин**

**“Ишеним почтасынын” жобосу.**

**1.Жалпы жобо**

1.1 Окуучулар укугун коргоо,псикалык педагогикалык колдоо көрсөтүү максатында, “Балдардын укугун коргоо конвенциясынын” негизинде мектепте “Ишенич почтасы” уюшулган.

1.2 “Ишеним почтасы” окуучулардын сабак убагындагы жана мектептен сырткары убактагы коопсуздугун камсыздайт. Бул окуучуларды кызыктырган суроолорго ишенимдик түрдөө жооп алууга шарт түзүп берүүчү иш –аракеттердин топтому

**2. “Ишеним почтасынын” максаттары**

2.1. Окуучулардын билдирүүлөрүн, каалоо- тилектерин , өтүнүчтөрүн, сунуштарын анонимдүү кабыл алуу жана анализ жүргүзүү.

2.2. Тигил же бул себептерден улам ачыкка чыкпай турган маалыматтарды изилдеп, Колдоо көрсөтүү.

2.3 Окуучулардын мектеп администрациясы, мугалимдер ортосундагы тоскоолдуктарга бөгөт коюу менен окуучуларга психикалык-педагогикалык жардам көрсөтүү.

Материалдык техникалык камсыздоо

**3. “Ишеним почтасы” максатуу, эфективдүү иш алып баруусу үчүн төмөндөгү шарттар аткарылыт.**

3.1. Материалдык- техникалык каражаттар.

-Каттар үчүн кутуча

-Маалыматтарды көрсөтүүчү такта

3.2-“Ишеним почтасы” 2- этажда орнотулган

**4. “Ишеним почтасынын” иштөө эрежелери.**

4.1 Окуучулар кайрылууларды кутучага салышат (классын,фамиля, атын жазуунун кажети жок) анонимдүүлүк сакталат, окуучу маалымат так болуш үчүн.

4.2 Кайрылууну жазган күнүн, айын жазуусу керек.

4.3 Завучтун, соцпедагог жана мектеп парламентинин мүчөлөрү менен бирдикте, белгиленген убакта (бир айда бир жолу) кутучаны ачып, каттар менен таанышып, анализдеп, жоопторду даярдашат.

4.4 Окуучуларга жалпы маалымат алуусу үчүн жооптор залдагы стендге жайгаштырылат.